## Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын заседаниесинин

**ЧЕЧИМИ № 58**

Исфана шаары.

16-октябрь, 2017-жыл

Катышышты:

Саттаров Кочкорбай -АШКнын төрагасы.
Максутова Назакат - АШКнын катчысы.
Раззаков Умарали – АШКнын мүчөсү.
Камалова Райхан -АШКнын мучосу
Туркбаева Нургул-АШКнын мучосу
Мурзаев Бакир – АШКнын мүчөсү.
Каримов Кудайберди– АШКнын мүчөсү.
Исламов Юсупали – АШКнын мүчөсү.
Козубаев Абдибахап – АШКнын мүчөсү
Муратов Касым-АШКнын мучосу

### КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ:

1. Лейлек аймактык шайлоо комиссиясына келген арыздарды кароо

Угулду-Кун тартибиндеги маселе боюнча аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы К.Саттаров билдируу жасады. Биздин аймактык шайлоо комиссиясына 2017-жылдын 15-октябрь куну Катран айыл Окмотуно караштуу Баул айылынын тургундары Мукарамов Асылбек менен Абдуллаев Аскардан арыз келип тушкон. Бул жарандар №8040 Баул шайлоо участкасына шайлоого добуш берууго келгенде чек чыгарылбай бюллетень таштай албагандыктарын билдирип арыз жазышкан. Биз алардын арыздарын ыкчам текшерууго алганыбызда томондогудой болуп чыкты: Мукарам Асылбек Форма-2 арызын 2017-жылдын 27-сентябрында жазган. Ал арыз 2017-жылдын 29-сентябрында Лейлек мамлекеттик каттоо кызматы тарабынан иштелип чыккан. Бирок шайлоочу 2017-жылдын 11-октябрындагы шайлоочулардын акыркы тизмесине форма-2 де корсоткон дарекке кирбей калган. Дагы бир арыз ээси Абдуллаев Аскар шайлоочулардын контролдук тизмесинде болгон, бирок акыркы тизмеде жок болуп калгандыгы жонундо кайрылгандыгын билдирди.

Талкууланды- АШК мучолору Муратов Касым, Мурзаев Бакир, Камалова Райхандар бул арыз ээлери бизге эмес, мамлекеттик каттоо кызматына кайрылышса туура боло тургандыгын билдиришти.

Каралган маселе боюнча маалыматты угуп Лейлек аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ :**

1. Мукарамов Асылбек менен Абдуллаев Аскардын арыздары Лейлек мамлекеттик каттоо кызматына жиберилсин.
2. Чечимдин аткарылышын козомолдоо жагы аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Н.Максутовага милдеттендирилсин.

МАКУЛ - 10, КАРШЫ - жок

Аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы САТТАРОВ КОЧКОРБАЙ

Аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы МАКСУТОВА НАЗАКАТ